МОиН

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИ**

**КАБИНЕТ МИНИСТРОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

2022-жылдын 9-сентябры, № 499

**Кыргыз Республикасынын билим берүү уюмдары үчүн окуу материалдарын басып чыгаруу иши жана көбөйтүү боюнча товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууларды жүзөгө ашыруу тартибин бекитүү жөнүндө**

«Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 15-беренесинин 1-бөлүгүнүн 2-пунктун ишке ашыруу максатында, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети токтом кылат:

1. Төмөнкүлөр бекитилсин:
– Кыргыз Республикасынын билим берүү уюмдары үчүн окуу материалдарын басып чыгаруу иши жана көбөйтүү боюнча товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууларды жүзөгө ашыруу тартиби 1-тиркемеге ылайык;
– чектелген берүүчүлөрдүн тизмеси 2-тиркемеге ылайык.
2. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги:
– өзүнүн чечимдерин ушул токтомго ылайык келтирсин;
– ушул токтомдон келип чыгуучу зарыл болгон чараларды көрсүн.
3. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.
4. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.У. Жапаров**

№ 004242 *

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИ**

**КАБИНЕТ МИНИСТРОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

от 9 сентября 2022 года № 499

**Об утверждении Порядка осуществления закупок товаров и услуг по издательской работе и тиражированию учебных материалов для образовательных организаций Кыргызской Республики**

В целях реализации пункта 2 части 1 статьи 15 Закона Кыргызской Республики «О государственных закупках», в соответствии со статьями 13, 17 конституционного Закона Кыргызской Республики «О Кабинете Министров Кыргызской Республики» Кабинет Министров Кыргызской Республики постановляет:

1. Утвердить:
– Порядок осуществления закупок товаров и услуг по издательской работе и тиражированию учебных материалов для образовательных организаций Кыргызской Республики согласно приложению 1;
– список ограниченных поставщиков согласно приложению 2.
2. Министерству образования и науки Кыргызской Республики:
– привести свои решения в соответствие с настоящим постановлением;
– принять необходимые меры, вытекающие из настоящего постановления.
3. Контроль за исполнением настоящего постановления возложить на управление контроля исполнения решений Президента и Кабинета Министров Администрации Президента Кыргызской Республики.
4. Настоящее постановление вступает в силу по истечении семи дней со дня официального опубликования.

**Председатель Кабинета Министров Кыргызской Республики** **А.У. Жапаров**

№ 004240 *

1-тиркеме

**Кыргыз Республикасынын билим берүү уюмдары үчүн окуу материалдарын басып чыгаруу иши жана көбөйтүү боюнча товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууларды жүзөгө ашыруу тартиби**

## 1. Жалпы жоболор

1. Ушул Тартип «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык иштелип чыкты жана Кыргыз Республикасынын билим берүү уюмдары үчүн окуу материалдарын, анын ичинде Брайлдын рельефтик-чекиттүү шрифти менен чыгарылган окуу материалдарын сатып алуу менен байланыштуу мамлекеттик сатып алууларды жүзөгө ашыруу тартибин аныктайт.

2. Кыргыз Республикасынын билим берүү уюмдары үчүн басма иши жана көбөйтүү боюнча, анын ичинде Брайлдын рельефтик-чекиттүү шрифти менен чыгарылган товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү мамлекеттик сатып алуулар (мындан ары – товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу) мамлекеттик сатып алуулардын веб-порталы аркылуу Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети (мындан ары – Министрлер Кабинети) тарабынан бекитилген чектелген берүүчүлөрдүн тизмесине киргизилген катышуучулар менен жүзөгө ашырылат.

3. Товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуулар чектелген метод менен жүргүзүлөт.

4. Чектелген катышуучулардын тизмеси билим берүү жана илим жаатындагы мамлекеттик ыйгарым укуктуу органдын (мындан ары – ыйгарым укуктуу орган) сунушу боюнча толукталат.

Чектелген метод менен товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу жол-жоболоруна катышууну каалаган жеке жана юридикалык жактар (мындан ары – жеке жана юридикалык жактар) чектелген катышуучулардын тизмесине толуктоолорду киргизүүнү демилгелөө үчүн ыйгарым укуктуу органга расмий кат/арыз менен кайрылууга укуктуу.

5. Жеке жана юридикалык жактардын каттары/арыздары ыйгарым укуктуу органдын коллегиясы тарабынан жылына эки жолу – 31-январга жана 31-июлга чейин каралат.

Ыйгарым укуктуу орган жеке жана юридикалык жактардын каттарын/арыздарын органдын коллегиясында кароонун жыйынтыгы боюнча белгиленген тартипте Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин кароосуна чектелген берүүчүлөрдүн тизмесине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө сунуштарды киргизет.

Приложение 1

**Порядок осуществления закупок товаров и услуг по издательской работе и тиражированию учебных материалов для образовательных организаций Кыргызской Республики**

## 1. Общие положения

1. Настоящий Порядок разработан в соответствии с Законом Кыргызской Республики «О государственных закупках» и определяет порядок осуществления государственных закупок, связанных с закупкой учебных материалов, в том числе выпущенных рельефно-точечным шрифтом Брайля, для образовательных организаций Кыргызской Республики.

2. Государственные закупки товаров и услуг по издательской работе и тиражированию, в том числе выпущенных рельефно-точечным шрифтом Брайля, для образовательных организаций Кыргызской Республики (далее – закупка товаров и услуг) осуществляются посредством веб-портала государственных закупок с участниками, включенными в список ограниченных поставщиков, утверждаемый Кабинетом Министров Кыргызской Республики (далее – Кабинет Министров).

3. Закупки товаров и услуг проводятся ограниченным методом.

4. Список ограниченных поставщиков дополняется по предложению уполномоченного государственного органа в области образования и науки (далее – уполномоченный орган).

Физические и юридические лица, желающие участвовать в процедурах закупок товаров и услуг ограниченным методом (далее – физические и юридические лица), вправе обратиться официальным письмом/заявлением в уполномоченный орган для инициирования дополнения в список ограниченных поставщиков.

5. Письма/заявления физических и юридических лиц рассматриваются коллегией уполномоченного органа два раза в год – до 31 января и 31 июля.

Уполномоченный орган по итогам рассмотрения писем/заявлений физических и юридических лиц коллегией органа в установленном порядке вносит на рассмотрение Кабинета Министров предложения о внесении изменений в список ограниченных поставщиков.

## 2. Этапы проектирования закупок

6. Процедура осуществления государственных закупок.

Процедура государственных закупок состоит из следующих этапов:

## 2. Сатып алууларды долбоорлоонун этаптары

6. Мамлекеттик сатып алууларды жүзөгө ашыруу жол-жобосу.

Мамлекеттик сатып алуулар жол-жобосу төмөнкү этаптардан турат:

– сатып алууларды пландоо;
– сатып алуулар жөнүндө документтерди иштеп чыгуу;
– сатып алуулар жөнүндө кулактандырууну жарыялоо;
– сунуштарды ачуу;
– сунуштарды баалоо жана салыштыруу;
– жеңүүчүнү тандоо;
– контракт түзүү;
– контрактты башкаруу.

7. Сатып алууларды пландоо «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 11-беренесине ылайык ишке ашырылат.

8. Билим берүү уюмдары үчүн окуу материалдарына болгон муктаждык билим берүү уюмдарынын расмий өтүнмөлөрүнүн негизинде сатып алуучу уюм тарабынан түзүлөт.

9. Бааларга мониторинг жүргүзүү катышуучулардан баа сунуштарын расмий суроо жолу менен жүргүзүлөт.

10. Сатып алуучу уюм курамында үч адамдан кем эмес комиссия түзөт. Комиссиянын мүчөлөрүнүн бири сатып алуулар боюнча сертификатталган адис болууга тийиш.

Башка мамлекеттик жана муниципалдык органдардын, уюмдардын кызматкерлери, жарандык коомдун өкүлдөрү алар берген арыздын же болбосо алар кызматкери болуп эсептелген мамлекеттик жана муниципалдык органдын, уюмдун жетекчисинин колу коюлган каттын негизинде сатып алуулар боюнча комиссиянын курамына киргизилет. Комиссиянын курамына киргизүү жөнүндө арыз же кат кулактандыруу жарыяланганга чейин берилет. Мындай арызды/катты алганда сатып алуучу уюм аталган адамдарды сатып алуулар боюнча комиссиянын курамына киргизүүдөн баш тартууга укуктуу эмес.

Комиссиянын курамына киргизилген учурдан тартып мамлекеттик жана муниципалдык органдардын жана уюмдардын кызматкерлерине, жарандык коомдун өкүлдөрүнө «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 9-беренесинин 5, 9-бөлүктөрүндө каралган милдеттер жана жоопкерчилик жүктөлөт.

11. Сатып алуучу «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 12-беренесинин талаптарына ылайык документтердин электрондук формасынын негизинде уюм веб-порталда сатып алуулар жөнүндө документтерди түзөт.

Товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуулар боюнча документтер милдеттүү түрдө техникалык спецификациясын,



– планирование закупок;
– разработка документации о закупках;
– публикация объявления о закупках;
– вскрытие предложений;
– оценка и сравнение предложений;
– выбор победителя;
– заключение контракта;
– администрирование контракта.

7. Планирование закупок осуществляется в соответствии со статьей 11 Закона Кыргызской Республики «О государственных закупках».

8. Потребность в учебных материалах для образовательных организаций формируется закупающей организацией на основании официальных заявок образовательных организаций.

9. Мониторинг цен осуществляется путем официального запроса ценовых предложений у поставщиков.

10. Закупающая организация формирует комиссию в составе не менее трех человек. Один из членов комиссии должен быть сертифицированным специалистом по закупкам.

Сотрудники других государственных и муниципальных органов, организаций, представители гражданского общества включаются в состав комиссии по закупкам на основании поданного ими заявления либо письма за подписью руководителя государственного и муниципального органа, организации, сотрудниками которых они являются. Заявление или письмо о включении в состав комиссии предоставляется до публикации объявления. При получении такого заявления/письма закупающая организация не вправе отказать во включении указанных лиц в состав комиссии по закупкам.

С момента включения в состав комиссии на сотрудников государственных и муниципальных органов и организаций, представителей гражданского общества возлагаются обязанности и ответственность, предусмотренные частями 5, 9 статьи 9 Закона Кыргызской Республики «О государственных закупках».

11. Закупающая организация формирует документацию о закупках на веб-портале на основании электронной формы документации в соответствии с требованиями статьи 12 Закона Кыргызской Республики «О государственных закупках».

Документация по закупкам товаров и услуг в обязательном порядке должна содержать техническую спецификацию, план распределения, график доставки и условия поставок продукции, а также проект договора.

12. Закупающая организация в документации по закупкам должна указать:

– предмет закупок;

бөлүштүрүү планын, жеткирүү графигин жана продукцияны берүү шарттарын, ошондой эле келишимдин долбоорун камтууга тийиш.

12. Сатып алуучу уюм сатып алуулар боюнча документтерде төмөнкүлөрдү көрсөтүүгө тийиш:

– сатып алуунун предметин;
– сатып алуунун көлөмүн;
– сатып алуунун суммасын;
– техникалык спецификациясын;
– бөлүштүрүү планын;
– берүүнүн графигин.

13. «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 15-беренесине ылайык чектелген метод менен сатып алууларды жүзөгө ашырууда берүүчүлөргө карата төмөнкүдөй минималдуу квалификациялык талаптар колдонулат:

1) Кыргыз Республикасында салыктар жана камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча карыздардын жоктугу. Кыргыз Республикасынын резидент эместери үчүн – алар келген өлкөнүн мыйзамдарына ылайык карыз жөнүндө маалымат;

2) «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 6-беренесинде белгиленген кызыкчылыктардын кагылышуусунун жоктугу;

3) чыгымдардын жоктугу жана финансылык отчёттуулук менен ырасталган финансылык жөндөмдүүлүктүн болушу;

4) лицензиялардын болушу (эгерде иш лицензияланса, Кыргыз Республикасынын резиденти болуп саналбаган катышуучулар үчүн – Кыргыз Республикасы катышуучу болуп саналган эл аралык контракттын негизинде тараптар тарабынан лицензия өз ара таанылган учурда келип чыккан өлкөнүн лицензиясынын болушу);

5) контрактты жүзөгө ашыруу үчүн материалдык-техникалык базанын болушу;

6) зарыл болгон билими жана тажрыйбасы бар тиешелүү квалификациядагы кызматкерлердин болушу;

7) сатып алуу предмети боюнча контракттарды аткаруунун документ түрүндө ырасталган окшош тажрыйбанын болушу;

8) Кыргыз Республикасынын билим берүү уюмдары үчүн окуу материалдарын өндүрүүчүдөн сапат сертификатынын болушу.

Эгерде Министрлер Кабинетинин чечиминде башкача каралбаса.

14. Сатып алуучу уюм берүүчү тарабынан сунушту берүүнүн акыркы мөөнөтүн, бирок кулактандыруу жарыяланган күндөн тартып беш жумуш күндөн кем эмес белгилейт.

Берүүчү сунушту кулактандырууда көрсөтүлгөн мөөнөттө берет.

15. Ачуу протоколу жана сатып алуу жол-жоболорунун протоколу «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 25, 27-беренелерине ылайык веб-



– объем закупок;
– сумма закупок;
– техническую спецификацию;
– план распределения;
– график поставок.

13. При осуществлении закупок ограниченным методом в соответствии со статьей 15 Закона Кыргызской Республики «О государственных закупках» в отношении поставщиков применяются следующие минимальные квалификационные требования:

1) отсутствие задолженности по налогам и страховым взносам в Кыргызской Республике. Для нерезидентов Кыргызской Республики – информации о задолженности в соответствии с законодательством страны пребывания;

2) отсутствие конфликта интересов, установленного статьей 6 Закона Кыргызской Республики «О государственных закупках»;

3) отсутствие убытков и наличие финансовой способности, подтверждаемых финансовой отчетностью;

4) наличие лицензий (если деятельность лицензируется для участников, не являющихся резидентами Кыргызской Республики, – наличие лицензии страны происхождения в случае взаимного признания лицензии сторонами на основании международного контракта, участницей которого является Кыргызская Республика);

5) наличие материально-технической базы для осуществления контракта;

6) наличие работников соответствующей квалификации, имеющих необходимые знания и опыт;

7) наличие документально подтвержденного схожего опыта выполнения контрактов по предмету закупки;

8) наличие сертификата качества от производителя учебных материалов для образовательных организаций Кыргызской Республики.

Если иное не предусмотрено решением Кабинета Министров.

14. Закупающая организация устанавливает окончательный срок для представления предложения поставщиком, но не менее пяти рабочих дней с даты публикации объявления.

Поставщик представляет предложение в сроки, указанные в объявлении.

15. Протокол вскрытия и протокол процедур закупок генерируются веб-порталом в соответствии со статьями 25, 27 Закона Кыргызской Республики «О государственных закупках», которые являются доступными только для закупающей организации и поставщика(ов), представившего свое предложение.

портал тарабынан түзүлөт, алар өз сунушун берген сатып алуучу уюм жана берүүчү (берүүчүлөр) үчүн гана жеткиликтүү болуп саналат.

Баалоонун натыйжаларына жана сатып алуу жол-жоболорунун протоколуна жетүүгө сатып алуучу уюм жана катышкан берүүчүгө (берүүчүлөргө) гана мүмкүнчүлүк берилет. Сатып алуу жол-жоболорунун протоколу контракт түзүлгөндөн кийин жалпыга жеткиликтүү болуп саналат.

16. Сатып алуулардын баасы сатып алуучу уюмдун бааларына мониторинг жүргүзүүгө ылайык белгиленет.

### 3. Тандоо жана контракт түзүү

17. Сатып алуучу уюм берүүчүлөр берген маалыматтын бүтүндүгүн жана купуялуулугун камсыз кылат.

18. Комиссия сунуштарды баалоонун жүрүшүндө берүүчүлөрдөн алардын сунуштары боюнча түшүндүрмө сурай алат. Бардык түшүндүрүү өтүнүчтөрү жана жооптору веб-портал аркылуу берилүүгө тийиш. Берүүчүлөрдүн сунуштарынын маңызын өзгөртүү максатында эч кандай суроо-талаптарга, сүйлөшүүлөргө же уруксат берүүлөргө жол берилбейт.

19. Комиссия сатып алуулар жөнүндө документтерде жазылган квалификациялык талаптарга ылайык берүүчүнүн квалификациялык маалыматтарын баалайт.

20. Комиссия «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамында белгиленген мөөнөттөрдө берүүчүнүн сунушуна баа берүүнү аяктоого жана берүүчүгө контракт берүүгө тийиш. Берүүчүнүн сунушун баалоо комиссиянын толук курамы тарабынан жүргүзүлөт, сатып алуулардын протоколуна комиссиянын бардык мүчөлөрү кол коюшат.

Комиссия төмөнкү учурларда берүүчүнүн сунушун четке кагуу жөнүндө чечим кабыл алат:

– сунуш берген берүүчү сатып алуулар жөнүндө документтерде белгиленген квалификациялык талаптарга жооп бербейт;

– берүүчүнүн конкурстук табыштамасында сунушталган техникалык параметрлер техникалык спецификациянын талаптарына ылайык келбейт;

– берүүчүнүн сунушу сатып алуулар жөнүндө документтердин талаптарына жооп бербейт.

Жеңүүчү болуп аныктаган берүүчү аны жеңүүчү деп таануу жөнүндө билдирүүнү 3 жумуш күндүн ичинде ырастоого тийиш.

Сатып алуучу уюм, эгерде сатып алуу жол-жоболору «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык токтотулбаса, тандоо жүргүзүлгөндүгү жөнүндө веб-порталга маалымат жарыяланган күндөн тартып 3 жумуш күндөн



Доступ к результатам оценки и протоколу процедур закупок предоставляется только для закупающей организации и участвовавшего поставщика(ов). Протокол процедур закупок является общедоступным после заключения контракта.

16. Цена закупок устанавливается согласно мониторингу цен закупающей организации.

### 3. Отбор и заключение контракта

17. Закупающая организация обеспечивает целостность и конфиденциальность информации, предоставленной поставщиками.

18. Комиссия в ходе оценки предложений может запросить у поставщиков разъяснения по их предложениям. Все запросы о разъяснении и ответы должны подаваться через веб-портал. Не допускается никаких запросов, переговоров или разрешений с целью изменения существа предложений поставщиками.

19. Комиссия оценивает квалификационные данные поставщика в соответствии с квалификационными требованиями, изложенными в документации о закупках.

20. Комиссия должна завершить оценку предложения поставщика и присудить контракт поставщику в сроки, установленные Законом Кыргызской Республики «О государственных закупках». Оценка предложения поставщика проводится полным составом комиссии, протокол закупок подписывается всеми членами комиссии.

Комиссия принимает решение об отклонении предложения поставщика в следующих случаях:

– поставщик, представивший предложение, не соответствует квалификационным требованиям, установленным документацией о закупках;

– технические параметры, предложенные в конкурсной заявке поставщика, не соответствуют требованиям технической спецификации;

– предложение поставщика, по существу, не отвечает требованиям документации о закупках.

Поставщик, определенный победителем, должен подтвердить уведомление о признании его победителем в течение 3 рабочих дней.

Закупающая организация со дня публикации информации на веб-портале о произведенном выборе подписывает контракт с выигравшим поставщиком в срок не ранее 3 рабочих дней и не позднее 8 рабочих дней, если только процедуры закупок не были приостановлены в соответствии с Законом Кыргызской Республики «О государственных закупках».

В случае отказа или неподтверждения уведомления определенным победителем закупающая организация может

эрте эмес жана 8 жумуш күндөн кечиктирбестен жеңген берүүчү менен контрактка кол коет.

Аныкталган жеңүүчү кабарлоодон баш тарткан же ырастабаган учурда сатып алуучу уюм рейтинг боюнча кийинки орунду ээлеген берүүчү менен контракт түзө алат.

21. Жеңүүчү болуп аныкталган берүүчү чектелген метод менен сатып алууларды жүргүзүүдө 3 жумуш күндүн ичинде аны жеңүүчү деп таануу жөнүндө билдирүүнү ырастоого тийиш.

22. Эгерде берүүчү контракт түзүүдөн качса же контракт боюнча өз милдеттенмелерин сапатсыз аткарса, анда ага карата «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 5-беренесинде каралган чаралар колдонулушу мүмкүн.

23. Сатып алуучу уюм түзүлгөн контрактка төмөнкүдөй учурларда өзгөртүүлөрдү киргизүүгө укуктуу:

1) эгерде сатып алуулар жөнүндө контрактты аткаруу процессинде окшош сатып алынуучу товарларга, жумуштарга, кызмат көрсөтүүлөргө баалар төмөндөө же көбөйүү жагына өзгөрсө, тараптардын өз ара макулдугу боюнча товарларга, жумуштарга, кызмат көрсөтүүлөргө бааларды төмөндөө же көбөйтүү жагына берүүчүнүн тандоосу үчүн негиз болуп эсептелген сапаттын жана башка шарттардын өзгөрүлбөстүгү шартында. Баалардын жогорулашына байланыштуу жагдайлардын олуттуу өзгөрүүсүн белгилөө жана ырастоо тартиби Министрлер Кабинети белгилеген тартипте жана шарттарда монополияга каршы жөнгө салуу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу орган, расмий статистика жаатындагы мамлекеттик орган жана башка органдар тарабынан аныкталат;

2) «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 17-беренесинин 3-бөлүгүнүн 1-пунктунда каралган;

3) эгерде контрактка кол коюлган күндөн кийин салыктарга, жыйымдарга же милдеттүү төлөмдөргө тиешелүү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына товарлардын, жумуштардын, кызмат көрсөтүүлөрдүн баасынын көбөйүшүнө же азайышына алып келген өзгөртүүлөр киргизилсе, сатып алуучу уюм контракттын наркын тийиштүү түрдө көбөйтүүгө же азайтууга тийиш.

24. Сатып алуулар жөнүндө түзүлгөн контрактка берүүчүнү жана консультантты тандоо критерийлери болуп саналган шарттар боюнча өзгөртүүлөрдү киргизүүгө жол берилбейт.

25. Заказчы менен алдын ала макулдашуусуз келишим боюнча милдеттенмелерди аткаруу үчүн жеңүүчү тарабынан субподрядчыларды же субберүүчүлөрдү тартууга жол берилбейт.

26. Контракттын колдонулушун токтотуу төмөнкү учурларда жүзөгө ашырылат:

1) контракт түзүүдө тараптар келип чыккан жана контракт түзүлгөн учурда өзгөрүүнү алдын ала билүүгө мүмкүн болбогон



заключить контракт с поставщиком, занявшим следующее место по рейтингу.

21. Поставщик, определенный победителем, должен подтвердить уведомление о признании его победителем в течение 3 рабочих дней при проведении закупок ограниченным методом.

22. В случае если поставщик уклоняется от заключения контракта или некачественно исполнил свои обязательства по контракту, то в отношении него могут быть применены меры, предусмотренные статьей 5 Закона Кыргызской Республики «О государственных закупках».

23. Закупающая организация вправе внести изменения в заключенный контракт в следующих случаях:

1) при условии неизменяемости качества и других условий, явившихся основой для выбора поставщика, по взаимному согласию сторон в сторону уменьшения или увеличения цены на товары, работы, услуги, если в процессе исполнения контракта о закупках цены на аналогичные закупаемые товары, работы, услуги изменились в сторону уменьшения или увеличения. Порядок установления и подтверждения существенного изменения обстоятельств, связанных с увеличением цены, определяется уполномоченным органом в сфере антимонопольного регулирования, государственным органом в области официальной статистики и другими органами в порядке и на условиях, установленных Кабинетом Министров;

2) предусмотренных в пункте 1 части 3 статьи 17 Закона Кыргызской Республики «О государственных закупках»;

3) если после даты подписания контракта будут внесены изменения в законодательство Кыргызской Республики, касающиеся налогов, сборов или обязательных платежей, повлекшие увеличение или уменьшение стоимости товаров, работ, услуг, и закупающая организация должна соответствующим образом увеличить или уменьшить стоимость контракта.

24. Не допускается вносить изменения в заключенный контракт о закупках по условиям, которые являлись критериями отбора поставщика и консультанта.

25. Не допускается привлечение победителем субподрядчиков или субпоставщиков для исполнения обязательств по договору без предварительного согласования с заказчиком.

26. Прекращение действия контракта осуществляется в следующих случаях:

1) при возникновении существенного изменения обстоятельств, из которых стороны исходили при заключении контракта и изменение которых нельзя было предвидеть в момент заключения контракта, и если при этом исполнение контракта противоречит государственным интересам, закупающая организация вправе расторгнуть контракт в

жагдайлар олуттуу өзгөргөндө жана эгерде контрактты аткаруу мамлекеттик кызыкчылыктарга каршы келсе, сатып алуучу уюм мындай жагдайлар жөнүндө белгилүү болгон учурдан тартып 10 жумуш күндөн кечиктирбестен контрактты бир тараптуу тартипте бузууга укуктуу. Бул ченем мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө түзүлгөн контрактта чагылдырылууга тийиш.

Эгерде контракт ушул пунктка ылайык бузулган болсо, тараптар тарткан чыгымдардын ордун толтуруу Кыргыз Республикасынын жарандык мыйзамдарына ылайык жүргүзүлөт;

2) контрактка ылайык бардык милдеттенмелерди аткарууда.

27. Түзүлгөн контрактты аткарууга байланыштуу талаш-тартыштар жана пикир келишпестиктер келип чыккан учурда контракттын тараптары себептерин көрсөтүү менен бири-бирине доомат коюуга укуктуу.

28. Экинчи Тараптын дооматын алган тарап аны карап чыгып, доомат берилген күндөн тартып 10 жумуш күндүн ичинде жазуу жүзүндө жооп берүүгө милдеттүү.

29. Доомат четке кагылган же ага жооп берилбеген учурда ушул Тартиптин 28-пунктунда каралган мөөнөттүн ичинде кызыкдар тарап сотко кайрылууга укуктуу.



одностороннем порядке не позднее 10 рабочих дней с момента, когда стало известно о таких обстоятельствах. Данная норма должна быть отражена в заключаемом контракте о государственных закупках.

В случае если контракт расторгнут в соответствии с настоящим пунктом возмещение расходов, понесенных сторонами, производится в соответствии с гражданским законодательством Кыргызской Республики;

2) при выполнении всех обязательств согласно контракту.

27. В случае возникновения споров и разногласий в связи с исполнением заключенного контракта стороны контракта вправе предъявить претензии друг другу с указанием причин.

28. Сторона, получившая претензию другой стороны, обязана рассмотреть ее и представить ответ в письменном виде в течение 10 рабочих дней со дня предъявления претензии.

29. В случае отклонения претензии или непредставления ответа на нее в течение срока, предусмотренного в пункте 28 настоящего Порядка, заинтересованная сторона вправе обратиться в суд.

2-тиркеме

**Чектелген берүүчүлөрдүн тизмеси**

| | |
|---|---|
| 1 | “ПОЛИГРАФБУМРЕСУРСЫ” жоопкерчилиги чектелген коом |
| 2 | “ST.ART LTD” (“СТ.АРТ ЛТД”) жоопкерчилиги чектелген коом |
| 3 | “Эдем-принт” жоопкерчилиги чектелген коом |
| 4 | (“Оптима Технолоджис”) “Optima Technologies” жоопкерчилиги чектелген коом |
| 5 | “АРИП-ПРЕСС” жоопкерчилиги чектелген коом |
| 6 | Мешечко Николай Иванович жеке ишкер |
| 7 | Ганжела Владимир Григорьевич жеке ишкер |
| 8 | “EXPRESS PRINT” (“ЭКСПРЕСС ПРИНТ”) жоопкерчилиги чектелген коом |
| 9 | “Гознак” жоопкерчилиги чектелген коом |
| 10 | “V.R.S. Company” (“В.Р.С. Компани”) жоопкерчилиги чектелген коом |
| 11 | “Учкун” ачык акционердик коому |
| 12 | “IMAK OFSET” (“ИМАК ОФСЕТ”) жоопкерчилиги чектелген коом |
| 13 | “KIRLand” (“КИРЛэнд”) жоопкерчилиги чектелген коом |
| 14 | “X-PRINT” and Trade” (Икс Принт и Трейд) жоопкерчилиги чектелген коом |
| 15 | “АЛЬ САЛАМ” басма үйү жоопкерчилиги чектелген коом |
| 16 | “Анаш и Ко” жоопкерчилиги чектелген коом |
| 17 | Аттокуров Талантбек Калмуратович жеке ишкер |
| 18 | “ЖАУ-Групп” жоопкерчилиги чектелген коом |
| 19 | “КУТ БЕР” жоопкерчилиги чектелген коом |
| 20 | “Принт медиа” жоопкерчилиги чектелген коом |
| 21 | “Аркус” Издательство” жоопкерчилиги чектелген коом |
| 22 | “Ю Колор” жоопкерчилиги чектелген коом |
| 23 | “Bi Mark” (Би Марк) жоопкерчилиги чектелген коом |
| 24 | “Мелон Про” жоопкерчилиги чектелген коом |
| 25 | “Кутаалам” жоопкерчилиги чектелген коом |
| 26 | “НТД Групп” жоопкерчилиги чектелген коом |
| 27 | Баякеев Максат Бектенович жеке ишкер |
| 28 | “Марлен Холдинг” жоопкерчилиги чектелген коом |
| 29 | “Калем” басма үйү жоопкерчилиги чектелген коом |
| 30 | “Турар” басмасы” жоопкерчилиги чектелген коом |
| 31 | “Торговый дом “Просвещение Кей Джи” жоопкерчилиги чектелген коом |

Приложение 2

**Список ограниченных поставщиков**

| | |
|---|---|
| 1 | Общество с ограниченной ответственностью «ПОЛИГРАФБУМРЕСУРСЫ» |
| 2 | Общество с ограниченной ответственностью «ST.ART LTD» («СТ.АРТ ЛТД») |
| 3 | Общество с ограниченной ответственностью «Эдем-принт» |
| 4 | Общество с ограниченной ответственностью «Оптима Технолоджис» («Optima Technologies») |
| 5 | Общество с ограниченной ответственностью «АРИП-ПРЕСС» |
| 6 | Индивидуальный предприниматель Мешечко Николай Иванович |
| 7 | Индивидуальный предприниматель Ганжела Владимир Григорьевич |
| 8 | Общество с ограниченной ответственностью «EXPRESS PRINT» («ЭКСПРЕСС ПРИНТ») |
| 9 | Общество с ограниченной ответственностью «Гознак» |
| 10 | Общество с ограниченной ответственностью «V.R.S. Company» («В.Р.С. Компани») |
| 11 | Открытое акционерное общество «Учкун» |
| 12 | Общество с ограниченной ответственностью «IMAK OFSET» («ИМАК ОФСЕТ») |
| 13 | Общество с ограниченной ответственностью «KIRLand» («КИРЛэнд») |
| 14 | Общество с ограниченной ответственностью «X-PRINT» and Trade» (Икс Принт и Трейд) |
| 15 | Общество с ограниченной ответственностью Издательский дом «АЛЬ САЛАМ» |
| 16 | Общество с ограниченной ответственностью «Анаш и Ко» |
| 17 | Индивидуальный предприниматель Аттокуров Талантбек Калмуратович |
| 18 | Общество с ограниченной ответственностью «ЖАУ-Групп» |
| 19 | Общество с ограниченной ответственностью «КУТ БЕР» |
| 20 | Общество с ограниченной ответственностью «Принт медиа» |
| 21 | Общество с ограниченной ответственностью «Издательство «Аркус» |
| 22 | Общество с ограниченной ответственностью «Ю Колор» |
| 23 | Общество с ограниченной ответственностью «Bi Mark» (Би Марк) |

| | |
|---|---|
| 32 | Иманалиева Бактыгул Муканбетовна жеке ишкер |
| 33 | “Улуу Тоолор” жоопкерчилиги чектелген коом |
| 34 | “АДАМАНТ-ГРУПП” жоопкерчилиги чектелген коом |
| 35 | Исабекова Махабат Эркинбековна жеке ишкер |
| 36 | “Береке Канц” жоопкерчилиги чектелген коом |
| 37 | “Раритет-С” жоопкерчилиги чектелген коом |
| 38 | “Сделка” жоопкерчилиги чектелген коом |
| 39 | Есенгельдиева Айпери Есенгельдиевна жеке ишкер |
| 40 | Айтбаев Мирлан Каныбекович жеке ишкер |

| | |
|---|---|
| 24 | Общество с ограниченной ответственностью «Мелон Про» |
| 25 | Общество с ограниченной ответственностью «Кутаалам» |
| 26 | Общество с ограниченной ответственностью «НТД Групп» |
| 27 | Индивидуальный предприниматель Баякеев Максат Бектенович |
| 28 | Общество с ограниченной ответственностью «Марлен Холдинг» |
| 29 | Общество с ограниченной ответственностью Издательский дом «Калем» |
| 30 | Общество с ограниченной ответственностью «Издательство «Турар» |
| 31 | Общество с ограниченной ответственностью «Торговый дом «Просвещение Кей Джи» |
| 32 | Индивидуальный предприниматель Иманалиева Бактыгул Муканбетовна |
| 33 | Общество с ограниченной ответственностью «Улуу Тоолор» |
| 34 | Общество с ограниченной ответственностью «АДАМАНТ-ГРУПП» |
| 35 | Индивидуальный предприниматель Исабекова Махабат Эркинбековна |
| 36 | Общество с ограниченной ответственностью «Береке Канц» |
| 37 | Общество с ограниченной ответственностью «Раритет-С» |
| 38 | Общество с ограниченной ответственностью «Сделка» |
| 39 | Индивидуальный предприниматель Есенгельдиева Айпери Есенгельдиевна |
| 40 | Индивидуальный предприниматель Айтбаев Мирлан Каныбекович |